| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>САЙДЫКУМ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САЙДЫКУМСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы**
**№8**

**14-сентябрь 2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

**Сайдыкум айыл аймагынын Хажир-Абад айылынын жакынкы жайыт жеринен көрүстөн үчүн 4,0 га жер аянтын ажыратуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-марты №37 Мыйзамынын 2025-жылдын 31-июлундагы №183 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын Жобосуна негиз, Сайдыкум айыл аймагындагы Хажир-Абад айылынын жакынкы жайыт жеринен көрүстөн үчүн 4,0 га (40 000 чарчы метр) жер аянтын ажыратуу жөнүндө Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д.Матисаковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сайдыкум айыл аймагынын Хажир-Абад айылынын жакынкы жайыт жеринен көрүстөн үчүн 4,0 га (40 000 чарчы метр) жер аянты көрүстөн алдында пайдаланууга ажыратылсын.

2. Сайдыкум айыл аймагынын Хажир-Абад айылынын жакынкы жайыт жеринен көрүстөн үчүн 4,0 га (40 000 чарчы метр) жер аянты көрүстөн алдында пайдаланууга ажыратылган жер аянтынын категориясын “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун, энергетиканын жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу боюнча иш кагаздарын даярдоо жагы Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д. Матисаковго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айылдык кеңешинин өнөр-жай, курулуш, транспорт, агрардык жана азык-түлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**